**Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде**

**2018-2022-окуу жылындагы китепкананын иштери боюнча**

**маалымат**

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектибинин китепканасында 2018-2019-окуу жылында китепкананын иш планы түзүлүп мектеп директору тарабынан бекитилген.

Окуучулар сентябрь айында китеп менен камсыз болушту. Жалпы китеп фонду: 8615 китеп анын ичинен окуу китептери-5495, адабий окуу китеби-2025, методикалык колдонмо-1095.

Китеп менен камсыз болушу: 1-4-класстар-92%, 5-9-класстар-92%, 10-11-класстар-69%, жалпы 1-11-класстар-86% менен камсыз болушту.

Айрым жетишпеген китептерди ата-энелер өздөрү сатып беришти алар 39% түздү. Жетишпеген китептерге өз убагында табыштама жазылып райондук билим берүү бөлүмүнө өткөрүлдү. Мектеп ичинде китеп тазалыгы боюнча бир айда эки жолу рейд жүргүзүлүп турат. Жыл сайын болуучу юбилярларга китепканада дубал газеталар, буклеттер, китеп көргөзмөлөр уюштурулуп турат. Ч.Айтматовдун 90- жылдыгына карата 4а, 4б-класстар “Бетме-бет” чыгармасынан үзүндү коюшту. Бул иш-чарага окуучулар класс жетекчилери: Ногойбаева Бактыгүл эжей жана Мусалимова Айзада эжей менен бирдикте мыкты денгээлде даярданышкан. Октябрь айында карылар күнүнө карата айыл ичиндеги кары адамдарга жардам берүү максатында мектеги окуучулар тарабынан тимурчулар командасы түзүлүп жардамга муктаж кары адамдарга жардамдарын берип келишет. “Мыкты класс, таза китеп” деген темада конкурс болуп окуу жылынын башынан баштап китеп тазалыгы боюнча рейддин негизинде 4а,б-класстар, 3а,б-класстар, 2а,б-класстар, 6а,б-класстар китептерин таза кармагандыгы боюнча мактоо баракчаларына ээ болушту. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90-жылдыгына карата жазуучунун чыгармаларынан сүрөт тартуу конкурсу болду. Конкурска 2-8-класстар катышып мыкты сүрөттөрдү тартып келишкен. 2-класстын окуучулары кичинекей болушса да “Ак кеме” чыгармасын жакшы тартышкан. 4а,б, 5а,б, 6а,б-класстарда жакшы сүрөттөрдү тартып келишкен. Жазуучунун салтанатына арналган линейкада бул класстарга граммоталары тапшырылды. Жазучунун чыгармаларынан дил баян жазуу, 5б-класс Сабырова Назик, Бекбосунова Бегимай “Бугу эне” чыгармасын, 11-класстын окуучулары Дюшенкулова Жанара, Кайназарова Адина, Асанкалиева

Жанара “Кылым карытар бир күн” чыгармасынан жазып келишти. 12-декабрь “Кыргызстандын улуттук адабият күнү” доклад жазылып окуучуларга окулуп берилди. 23-февраль Ата Мекенди коргоо күнүнө карата китепканада дубал газета илинди. “Менин апам” деген темада 2-8-класстар дил баян жазышты.2а-класс Аубакиров А, Асанкалиев Б, Асанова А, Мамырбеков Н, Жакшыбаева А класс жетекчиси Садырова Ж. 2б-класс Абдыкадыров Т, Осмонова Р, Мамырбеков Н класс жетекчиси Рысбекова А. 3а-класс Асанкалиева Ч, Усөнбекова А, Ишенбаев М, Жанболотова А, Касенова Д класс жетекчиси Догдурбай к Айзада.4а-класс Барктабасова Т, Бекбоев Д, Эшенкулова З, Тегизчилов А, Абдыашымова А класс жетекчиси Ногойбаева Б. 4б-класс Бекбосунова Н, Асанова А класс жетекчиси Мусалимова А.

5а-класс Айбек Турдубек уулу, Акенова А класс жетекчиси Сыдыкбаева С. 6б-класс Туратбекова С, Таалайбек кызы Аяна класс жетекчиси Койбакова А.

Бул окуучулар өздөрүнүн апаларын мактап , аларга кандай жардам берерлерин жазышкан.

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 90-жылдыгына карата китепканда дубал газета уюштурулган. “Менин Кыргызстаным” окуучулар арасында эссе жазуу, 6б-класс Карагулова Ж, Абдыжакыпова А, Нурсапаева А, Асанакунова Ж.

Китепкана менен тыгыз байланышта болгон мугалимдер: Чекирова Ж, Жанузакова С, Алтымышбай кызы Алия, Асангазиева Ж, Догдурбай к Айзада, Койбакова А, Ногойбаева Б, Керимбекова С, Арыкбаева Р, Асаналиева А, Хасанова А.

Китепкана менен тыгыз байланышта болгон окуучулар: Бекбоева А 3а-класс, Советбекова А 9-класс, Жоомартбекова Б 8а-класс, Абдразакова Э 11-класс, Темиров Т 5а-класс, Асангазиева А 3а-класс, Нартова А 3а-класс.

23-апрель Бүткүл Дүйнөлүк китеп күнүнө карата китеп көргөзмө, көркөм окуу, айылдык китепканага саякат уюштурулду.

“Улуу Манас” китеп көргөзмө уюштурулду китепканада Манас бурчу бар ошол бурчтан окуучулар өздөрүнө керек маалыматты таба алышат.

Улуу Жеңиш күнүнө карата китепканада дубал газета уюштурулду. Бул жерде согуш учурундагы кыйынчылыктар ата бабаларыбыздын эрдиктери жазылган маалыматтар бар.

22-24-майга чейин окуу китептерин иреттеп толук жыйнап алуу башталды, бул туурасында усулдук кабинетке кулактандыруу илинди. Окуучулар китептерин чапатап оңдоп өткөрүп беришти.

2019-2020-жылдын китепкананын иштери.

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепканасында жалпы-9282 анын ичинде окуу китептери-6108, адабий окуу китептер-2025, методикалык китептер-1119.

Жыл башында китепкананын иш планы иштелип чыгып мектеп директору тарабынан бекитилди. Окуу жылынын башында окуучулар китеп менен камсыз болушту. 1-4-класстар-91% , 5-9-класстар-93%, 10-11-класстар-68%, 1-11-класстар-87% түздү.

Бул окуу жылында китепканага "Жаны китеп" долбоорунун негизинде 5-6-класстарга жаңы китептер келди. Бул китептер окуучуларга аренда акы төлөө менен берилди. Бир китеп 25 сом өлчөмүндө акы төлөнөт. Бул акчалар банкка төгүлүп кайра жаңы китептерди чыгарууга жумшалат.

Класс жетекчилер тараткан китептерине формуляр толтуруп өткөрүп беришти. Эки жумада бир китептер тазалыгы боюнча рейд жүргүзүлүп турат.

"Элдин дили анын тилинде" эне тил күнүнө карата буклет жасалды. "Ысык Көл областына 80 жыл" дубал газета уюштурулду, бул жерге көлдөн чыккан жети акелер, белгилүү инсандардын сүрөттөрү коюлду. Кыргыз эл жазуучусу прозаик К.Жантөшевге 115 жыл дубал газета уюштурулду. Карыларга жардам мектептин тимурчулар командасы жылдагыдай эле кары адамдарга жардамга барышты.

Мамлекеттик партиялык саясий ишмер Турдакун Усубалиевге 100 жыл буклет чыгарылды. Жомок китептерге саякат 1-4-класстын окучуларына китепканада көргөзмө уюштурулду. "1-декабрь Бүткүл Дүйнөлүк СПИДге каршы күн" дубал газета жасоо. Жазуучу Аман Саспаевге 90-жыл буклет жасоо. 12-декабрь "Кыргызстандын улуттук адабият күнү" буклеттер, китеп көргөзмөлөр уюштурулду.

23-февраль "Ата Мекенди коргоо күнү" китепканада буклеттер, дубал газета жасалды. "8-март апалардын майрамы" апалар жөнүндө дил баяндар жазылды. 21-март "Нооруз майрамы" стенд уюштуруу. Нооруз майрамы кандай майрам жана ырым жырымдар жөнүндө маалымат ала алышты. Улуу манасчы Уркаш Мамбеталиевге 85-жыл буклет жана дубал газета жасалды. 2-апрель Эл

аралык балдар китептеринин күнү китеп көргөзмө уюштурулду.7-апрель "Кыргыз Эл баатырларын эскерүү" баатырлардын эрдиги мекенге кылган эбегейсиз зор салымы жөнүндө маалыматты боюнча стенд уюуштурулду

23-апрель "Бүткүл дүйнөлүк китеп күнү" китеп көргөзмө, айылдык китепканага саякат жасоо, "Менин сүйүктүү китебим" эссе жазуу.

Жазуучу, акын драматург Зуура Сооронбаевага 95-жыл буклет жасалды. Улуу Жеңишке 75-жыл стенд жана доклад окулду. Көрүнүктүү саясий ишмер чыгаан кыргыз башчысы Боронбай Бекмурат уулу 240-жыл буклет жасалды.

Окуу китептерин толук ирети менен жыйнап алуу, класс жетекчилер китептерди толук чаптап өткөрүп бериштi.

2020-2021-окуу жылындагы китепкананын иштери.

Марат Темиров атындагы орто мектептин китепканасында жалпы 10262 китеп бар анын ичинде окуу китептери-6994, адабий китептер-2048, методикалык китептер-1220.

Жыл башында китепкананын иш планы иштелип чыгып директор тарабынан бекитилди. Д-10 отчету өз убагында райондук билим берүү бөлүмүнө берилди. Китеп менен камсыз болуу: 1-4-класс-85%, 5-9-класс-92%, 10-11-80%, 1-11-класстар-88% түздү.

Жетишпеген китептер боюнча табыштама жазылып районго тапшырылды. Китеп тазалыгы боюнча бир айда эки жолу рейд жүргүзүлөт. Рейд учурунда китептери чапталбаган сырттaлбаган окуучуларды класс жетекчилерине ата-энелерин эскертүү берилет. 23-сентябрь "Мамлекеттик тил күнү" карата "Кыргыз тили-бай тил", "Тил изгиси-дил күзгүсү" деген темада буклет чыгарылды. Композитор, обончу Ж.Шералиевге 105 жыл буклет чыгарылды. Мугалимдер менен бирдикте окуу китептерине усулдук колдонмолорго табыштама жазылып районго берилди. Октябрь айында карылар күнүнө карата "Карыларга жардам" деген ураан менен айылдагы кары адамдарга мектептин тимурчулар командасы барып жардам берип келишти (фото отчет). Акын дараматург Э.Турсуновго 85-жыл буклет чыгарылды. Биздин сүйүктүү акындар буклет "Жаратылыш китептерибизде" китептер тууралуу кызыктуу маалыматтар жөнүндө буклеттер жасалды.

5-6-класстардын китептери аренда акы төлөө менен банкка акчалары 30-ноябрьдан калбай кечиктирилбей төгүлөт.

Жомок китептерге саякат башталгыч класстарга китепканадагы жомок китептердин көргөзмөсүн уюштуруу. Акын прозаик О.Султановго 85-жыл доклад жазылды. "1-декабрь Бүткүл Дүйнөлүк СПИДге каршы күн" дубал газета

жасалды. "Эң мыкты китеп окуучу класс" китепкандан көп китеп окуган класстарга граммота берилди.

12-декабрь "Кыргызстандын улуттук адабият күнү" буклеттер чыгарылды. Айылдык китепканага саякат жасалды. Сынчы прозаик адабиятчы Ш.Үмүталиевге 95-жыл буклет жасалды. "Эне тарбиясы-өмүрүндү жараткан суу" апалар жөнүндө дилбаян жазып келишти. "Салам сага санжыралуу, Ноорузум!" китепканда стенд уюштурулду. 5-март Ак калпак күнү буклет жасалды. Прозаик жана драматург М.Байжиевге 85 жыл буклет уюштурулду. 2-апрель Эл аралык балдар китеп күнү буклет, китеп көргөзмө уюштурулду. 23-апрель Бүткүл Дүйнөлүк китеп күнүнө карата жумалык уюштурулду. Жумалыкта буклеттер, рефераттар, дил баяндар, эсселер жызылды. Жомоктогу каармандардын сүрөттөрү тартылды. Жумалыктын аягында жыйынтык чыгарылып жакшы делген иштерге граммоталар берилди. Манас-Кыргыз элинин, адамзаттын көөнөрбөс мурасы китепканада бурч уюштурулду. Акын А.Осмоновго 105-жыл стенд уюштурулду. Улуу Жеңиш майрамына 76 жыл стенд, буклеттер жасалды. "Бүгүнкү дүйнө, ага болгон көз карашым" 2-4-класстар арасында дил баян жазылды. Кыргыз эл сакыны С. Жусуевге 95-жыл буклет жасоо.

"Керемет окуу" долбоорунун алкагында мектептин китепканасында 122 ар кандай жомок китептер келди. 1-4-класстар бул долбоор менен иш алып барышууда. Мектепке келген валантерубуз Николас биздин балдарга берип жиберген 120 китеп китеп мектептин текчесинен орун алды. Май айында китептерди чогултуу иштери болду, китептерди чаптап , тазалап өткөрүшөт.

2021-2022-окуу жылында китепкананын иштери.

Жалпы китептер: 10262 китеп бар, анын ичинде окуу китептери 6994, адабий окуу китептер- 2048, методикалык китептер 1220.

Жыл башында иш планы иштелип чыгып чыгып директор тарабынан бекитилген. Окуу жылынын башында окуучуларга китептер таратылды, китеп менен 1-4-класстар -86%, 5-9-класстар-86%, 10-11-класстар-81%, жалпы- 1-11-класстар-86% түздү. Мектеп ичинде китеп тазалыгы боюнча бир айда эки жолу рейд жүрүп турат. 5-6-класстарга келген аренда китептерге 25 сом өлчөмүндө акча чогултулуп банка төгүлдү. "Эне тилим, эне сүтүм" буклет, доклад жасалды. Кыргыз тили бизге кандай кымбат, баалуу жана нарктуу экендиги окуучуларга жеткирүү максатында ар бир окуу жылында эне тили күнү белгиленип келет.

Октябрь айында "Мугалим мөмөлүү дарак" темасында дубал газета чыгарылды. Мугалим билим жада калса ата-энелик мээрим төгүп сабак берээрин билдирүү максатында жылда бул даталуу күн белгиленип келет.

Ар бир окуу жылында мектептин китепканасына келген жаңы китептерди көргөзмө кылып окуучуларга көргөзүп тааныштырып келебиз. "Карысы бардын

ырысы бар" айыл ичиндеги кары адамдарга биздин мектептин тимурчулар балдары барып жардамдарын берип келишет. Айыл ичинде кары адамдарыбыз саналуу калгандыгына байланыштуу окуучулар жылда октябрь айында колдорунан келген жардамдарын беришет. Фото отчет.

Окуу фестивалы "Керемет окуу" долбоору боюнча 1-4-класстар арасында топко бөлүнүп алышып келген китептерди окуп талкуу кылышты. Фото отчет.

Айылдык китепканага саякат ар бир окуу жылында айылыбыздын китепканасына окуучуларды алып барып китептер менен тааныштырып келебиз. Китепкананын жетекчиси Нуржан эже жаңы китептери менен тааныштырып балдарга китеп окуганга берип турат.

Китептин келип чыгышы, китептин тарыхы боюнча маалыматтарды топтоп буклет жасалат. Жомок китептерге саякат темасында китеп көргөзмө уюштурулду. Бул көргөзмөдө китепканага келген жомок китептер менен тааныштыруу болду.

"Атам апам жана мен-окурман үй бүлөөбүз" "Керемет окуу" долбоору боюнча окуучулар ата-энелер менен бирдикте үйлөрүнөн китеп окушат. Ата-энелер менен бала биргеликте жомок китеп окушуп анан кайра талкуу жүргүзүп маек курушат. Фото отчет.

"СПИД кылым дарты" дубал газета түзүлдү. "Эң мыкты китеп окуучу класс" конкурс, бул конкурста 1-4-класстар арасында кайсыл класс китепканада көп китеп алып окушса ошол окуган китептин мазмунун айтып беришсе жеңүүчү болот. 3а-4а-класстар көбүрөөк кирип жеңүүчү болушту грамота менен сыйланышты. 12-декабрь "Кыргызстандын улуттук адабият күнү" китеп көргөзмө. Буклеттер жасалды. Жомок каармандары башталгыч класстар арасында сүрөт тартуу болду. Бул конкурска 3б-класс, 3а-класс, 2-класс, 4б-класстар активдүү катышышты.

23-февраль "Ата Мекенди коргоо күнү" буклет, дубал газета жасалды.

"21-февраль Эл аралык эне тил күнү" ой жүгүртүү таймашы 5а-класстар арасында окуучулар арасында эне тилибиз тууралуу ой толгоо, талкуу жүргүзүлдү.

"Эне сүтүн актоо" апалар жөнүндө дил баян жазуу. 3б-класс-12 окуучу, 4а-класс-15 окуучу, 2-класс-3окуучу апаларын мактап көркөмдөп дил баян жазып келишкен.

"Салам сага санжыралуу Ноорузум" деген темада 221-март Нооруз майрамына карата буклет жасалды. "Манас кыргыз рухунун туу чокусу" башталгыч класстар арасында манас айтуу болду. 3б-класс Аубакиров Б, Асанкалиев Э, 4а-класс Каныбекова С, 3а-класс Жанболотова М, Дюшенбаева А, Алдабергенова Н манас айтышты,бул окуучларга граммота тапшырылды.

23-апрель Бүткүл Дүйнөлүк китеп күнүнө карата жумалык уюштурулуп иш план түзүлдү. Класс жетекчилерге тапшырмалар берилди. Жакшы делген класстарга граммоталар берилди.

9-май Улуу Жеңиш майрамына стенд, буклет жасалды.

6-7-8-июнда класс жетекчилер менен китептерди таза чаптатып өткөрүп алдык.

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин китепканасында 2022-2023-окуу жылына жалпы китептердин саны-8841 анын ичинде окуу китептери-5554, адабий китептер-2067, методикалык китептер-1220. 2022-2023-окуу жылына 1-4-класстар-78%, 5-9-класстар-83%, 10-11-класстар-83%, жалпы-1-11-класстар-81% түздү.

Окуу жылына план иштелип чыгып директор тарабынан бекитилди. Августь айында китептер толугу менен класс жетекчилер тарабынан таратылып берилди, 1-сентярда окуучулар толук китеп менен окуп башташты. Жетишпеген китептерге табыштама берилди. Мугалимдерге жетишпеген методикалык китептерге табыштама жазылып даярдалды. Д10 отчету өз убагында берилет. Эки жумада бир китеп тазалыгы боюнча рейд жүргүзүлүп турат.

5-класстар 8 китеп, 6-класстар 8 китеп, 7-класстар 2 китеп, 8-класстар 2 китеп, 9-класстар 1 китепке аренда төлөшөт. Ар бир класс ата-энелер комитетин түзүп бир китепке 25 сом өлчөмүндө акча чогултулуп 31-ноябрга чейин банка төгүлөт.

"Жаны китеп" мекемесинин тапшырмалары толук аткарылып бүттү. Китептер сайтка толук киргизилип класстарга таратылды.

Ай сайын түзүлгөн план боюнча ар кандай иш чараларга, юбилярларга булеттер жана маалыттар жазылып турат.

Жаны келген китептер өз убагында алынып келинип мектептин фондуна кириштелип турат.

«Мугалим мөмөлүү дарак» мугалимдер күнүнө карата китепканага дубал газета жасалып илинди.

"Эне тилим, эне сүтүм" темасында кыргыз тили күнүнө карата буклет жасалды.

Ата-энелер менен бирдикте китептин сакталышы тууралуу маалымат берүү боюнча ар бир класс ата-энелер чогулушу өткөндө китепканачынын катышуусу менен өтүлүүсү айтылды.

Ар бир айда эки жумада бир китеп тазалыгы боюнча рейд жүргүзүлүп турат.

Сентярь айында рейд учурунда айрым окуучулурдын китептеринин сырттары жок болгондуктан окуучуга класс жетекчиге эскертүү берилген.

5б-класс Нурбеков А, 4б-класс Канатбеков Н, 11-класс Усенбаев Ж, 9а-класс Кудайбергенов И,

10-класс Орозбеков С, ушул окуучулардын айрым китептеринин сырттары жок. Бул окуучуларга класс жетекчилерине эскертүү берилди.

Жалпы мектептин китепканасында көйгөйлөр: китепкана күнөс жерде эместигине байланыштуу жашылдандыруу жок. Муздак болгондугуна байланыштуу окуучлар окуу залына кирип китеп окуй алышпайт.коркунучтар жок. Жогорку класстын окуучулары китеп окууга кызыгышпайт.

Максат:

Китепканага жаңы банерлерди жасатып, стелаждарды жаңыртып алуу . жылуулап жашылдандыруу гүл өстүрүү.

Китепканачы:Токтосунова Г.И